DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

## ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИ

## ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ

## PHILOSOPHICAL SCIENCES

***Төрөмырзаев Т.Т., Боронбаев Т.Ж.***

# УКУКТУК ЧЕНЕМДЕРДИН ЖАНА АДЕП-АХЛАКТАРДЫН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Торомырзаев Т.Т., Боронбаев Т.Ж.***

# ОСОБЕННОСТИ ВЗАИМОДЕЙСТВИЯ ПРАВОВЫХ НОРМ И НРАВСТВЕННОСТИ

***T.T. Toromyrzaev, T.Zh. Boronbaev***

# THE FEATURES OF INTERACTION OF LEGAL ENTITIES NORMS AND MORALS

*УДК: 101.1:340.14 (575.2)(04)*

*Макалада азыркы кыргыз коомунун реформалануу шарттарындагы укуктук ченемдеринин жана адеп-ахлактардын ортосундагы байланыштуулук маселелери жана алардын өз ара аракеттеннүүлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн талдоо проблематикасы каралган. Коомдун жашоосу, өзүнүн маанисин адеп-ахлакта жана укукта чагылдыргандыгы, коомдун баардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү түрдө аткарылуучу эрежелерге жана ченемдерге байланыштуу болгондуктан, адеп-ахлак жана укук ченемдеринин ортосундагы өз ара мамилелер маселеси өзгөчө көңүл чордонунда болуп келүүсү, ошондуктан адеп-ахлак - коомдогу социалдык мамилелерди жөнгө салуу жана коомдук көзөмөлдөө милдеттерин аткаруучу жана коомдук түшүнүктөргө негизделген инсандын багыттуу аракеттеринин жыйындысы болуп саналары белгиленгендиги менен бирге коомдун жашоосу, өзүнүн маанисин адеп-ахлакта жана укукта чагылдыргандыгы, коомдун баардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү түрдө аткарылуучу эрежелерге жана ченемдерге байланыштуу.*

***Негизги сөздөр:*** *адеп-ахлак, жүрүм-турум, адептүү ченемдер, мыйзамдын юрисдикциясы, ахлактык ченемдер, укуктук ченемдер, табигый укук, ахлактык укук, ахлактык баалуулуктар.*

*В статье рассматриваются проблемы взаимосвязи правовых норм и нравственности в условиях реформирования современного кыргызского общества и проблематика анализа особенностей их взаимодействия. В связи с тем, что жизнь общества, отражая свое значение в морали и праве, связана с правилами и нормами, обязательными для исполнения всеми членами общества, вопрос взаимоотношений между нормами морали и права находится в центре особого внимания, поэтому мораль и право всегда должны быть взаимоисключающими. - жизнь общества, отражающая его сущность в морали и праве, связана с правилами и нормами, обязательными для исполнения всеми членами общества, хотя и установлено, что они являются совокупностью целенаправленных действий личности, выполняющих функции регулирования социальных отношений и общественного контроля в обществе и основанных на общественных понятиях.*

***Ключевые слова:*** *мораль, поведение, моральные нормы, юрисдикция закона, моральные нормы, правовые нормы, естественное право, моральное право, моральные ценности.*

*The article deals with the problems of the relationship between legal norms and morality in the conditions of reforming modern Kyrgyz society and the problems of analyzing the features of their interaction. Due to the fact that the life of society, reflecting its importance in morality and law, is connected with rules and norms that are binding on all members of society, the question of the relationship between the norms of morality and law is in the center of special attention, so morality and law should always be mutually exclusive. - the life of society, reflecting its essence in morality and law, is connected with the rules and norms that are binding on all members of society, although it is established that they are a set of purposeful actions of the individual, performing the functions of regulating social relations and social control in society and based on social concepts.*

***Key words:*** *morality, behavior, moral norms, jurisdiction of the law, moral norms, legal norms, natural law, moral law, moral values.*

Адеп-ахлак – бул, «коомдогу же бир коомдук топтогу социалдык мамилелерди жөнгө салуучу жана коомдук көзөмөлдөөчү милдеттерин аткаруучу че-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



немдердин, санкциялардын, баалоолордун, көрсөтмөлөрдүн, жүрүм-турум үлгүлөрүнүн системасы, ошондой эле, муктаждыктардын, жакшылык жана жамандык жөнүндөгү коомдук түшүнүктөрдүн негизиндеги инсандын багыттуу аракеттеринин жыйындысы болуп саналат» [1].

В.Р. Витвицкаянын пикири боюнча: «адеп-ахлак» («мораль») деген сөз латын тилинен алынган (жеке санда - «mos», көптүк санда - «mores») пейил, адат, мода, туруктуу тартипти билдирет. Өзүнүн мазмуну боюнча байыркы грекче «ethos» деген сөз менен барабар болуп, котормодо этиканы билдирет. Буга байланыштуу, Цицерон этиканы белгилөө үчүн («philosophia moralis»), ошондой эле, тилди байытуу үчүн «morales», башкача айтканда, «адеп-ахлактуулуктун» сын атоочун түзгөн. Бир топ убакыттан соң, IV кылымда баардык адеп-ахлактык көрүнүштөр өзүнүн чогултулган маанисин, бизге көнүмүш түшүнүктөгү адеп-ахлак дегенди билдирүүчү «moralitas» termininde тапкан [2].

С.И. Ожеговдун орус тили сөздүгү ахлакты (мораль), «жүрүм-турумдун адептүү ченемдери, адамдар менен болгон мамилелери, ошондой эле, адептүүлүктүн өзү» катары, ал эми адептүүлүк – «ички, руханий сапаттар, адам тарабынан жетекчиликке алынган, аныкталган жүрүм-турум эрежелеринин этикалык ченемдери» [3] деп түшүндүрөт.

Күнүмдүк жашоодо, адептүүлүк жана ахлактык бирдей түшүнүктөр катары колдонулганы менен илимий адабиятта бул маселе боюнча эки ой-пикир айтылып келүүдө. Ахлактык кандай гана болбосун адамдын ички негиздери (принциптери) менен байланышкан, ал эми адептүүлүк болсо, тышкы аракеттер жана жүрүм-турумдарга тиешелүү болору анык. Коомдун бүтүндөй өнүгүү аралыгында, ахлактык жана укуктук ченемдердин өз ара мамилелери, толук биригүүдөн баштап рационалдуу негизделген бөлүнүүгө чейин өзгөрүп келген.

Байыркы маданият, жалпысынан укуктун жана ахлактын ченемдеринин биримдик ыкмасынын негизинде курулган. Ченем (мыйзам) катары чечмеленген Платондун «идеясы», өзүндө ахлактык (моралдык) талаптардын максимумун камтыйт. Бирок, укуктун ченемдерин жогорку ахлактык баалуулук деп таанылгандыгына карабастан, Аристотель, юридикалык ченемдерден айрымалап, ахлактык ченемдердин өздүк өзгөчөлүктөрүн бөлүп чыгарган. Баштапкы орто кылымда христиандык (Августин), чыныгы ахлактыкты христиан дининин чөйрөсүнө көчүрүп, укуктук ченемдерге болсо, коомдук тартипти камсыздоо, дүнүйө (төмөнкү) жыргалчылыктарын коргоо сыяктуу абдан чектелген милдеттерди калтырган. Фома Аквинский да, адамдык мыйзамдын жетишсиздигин белгилеген.

XVII кылымдын философиясында, мыйзамдуулук жана ахлактык чөйрөлөрүнүн бөлүнүүсү болуп, табигый укук түшүнүгүнүн негиздери түптөлгөн. *Табигый укук*, мыйзам чыгаруучулуктун ченемдик баалуулугун берген, ахлактык философиянын өзгөчө бөлүгү болуп саналат. Бул ахлактык философия, өзүнүн ахлактык ченемдеринин абстрактуу талаптары менен табигый укуктун жогорку принциптеринин негизи болуп саналат. XIX кылымга чейин табигый укук түшүнүгү Батышта кеңири таралып, жакшылык жана жамандык адамга мүнөздүү, ал эми укук абийирден келип чыгат, деген пикирге негизделген.

XX кылымда, табигый укук түшүнүгү, дайыма ахлактык көз караштардын салыштырмалуулугу менен түптөлгөн, позитивдүү укук түшүнүгү менен алмаштырылып, бул теория, коом тарабынан кабыл алынган укуктук ченемдердин ар кандай өзгөрүүсү мыйзамдуу болот деп аныктайт. Позитивдүү укук системасы, коомчулук тарабынан жактырылган эски мыйзамдарды жана ахлактык ченемдерди толук четке каккан зомбулук төңкөрүшүн да тааныган. Атап айтканда, азыркы кыргыз коомундагы баланы бойдон алдыруу киши өлтүрүү деп эсептелбегени, колдонуудагы мыйзамдарга да ылайык келет. Мындай абал, И.Д.Невважай белгилегендей, укуктун маанисин чечмелөөдө ченемдик жана «табигый» мамилелердин өкүлдөрүнүн ортосунда талаш-тартыштын жаралышына алып келген [4].

Немец классикалык философиясынын өкүлдөрү да өздөрүнүн эмгектеринде ахлактын жана укуктук ченемдердин өз ара аракеттенүүсүн изилдешкен. *Гегель* бул эки түшүнүктү философиялык жана колдонмолук маанилерде караган. Анын оюна ылайык, «дүйнөлүк рухтун – адептүүлүгү - же укугу, адамдардын ахлактыгы менен бирдей эмес, бирок баардык жеке укуктардан жогору» [5]. Ойчул, «Укуктун философиясы» аттуу чыгармасында укуктук ченемдердин көйгөйлүү маселелерин ахлактык менен байланышта карайт. Ал, үй-бүлөдө, жарандык коомдо укуктун жана ахлактыктын биримдигин мүнөздөөчү, социалдык-практикалык чындык катары чыгуучу, адептүүлүктүн ортосун ажыраткан. Анын пикири боюнча, ахлак жана укук адамдын эгемендүү эркинин калыс жана субъективдүү көз караштагы билдирүүсү болуп саналат.

Гегелдин сунуштаган «адам бол жана башкаларды адам катары сыйла» формуласы, маанилүүлүгү боюнча Канттын категориялык императиви менен бирдей болуп саналат. Алардын экөө тең Инжил ыйык китебиндеги «өзүңүн жакыныңды өзүңдөй сүй»

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



тематикасынын өзгөрүүсү болуп эсептелинет. Кант да, Гегель сыяктуу, укук жана ахлакты, адамдын ички жана тышкы жашоосу деген ар кандай жайыктыкта караган. Муну А.А.Гусейнов да, Кант боюнча «ахлак чектөө катары натыйжалуу, жалпы мыйзамдарга ылайыктуулук талабы, бул терс принцип (мыйзамга каршы келбеген) гана экенин аныктоодо. Ахлак абсолюттук баалуулук катары эмне кылыш керектигин айта албайт» [6]. Мындан тышкары, *Кант* ахлактык мыйзамдын юрисдикциясын адамдардын кээ бир иш-аракеттерине (жорук-жосундарына) колдонулбашын белгилейт. Бирок бул, адамдардын жорук-жосундары жалпылык мүнөзгө ээ болбогондуктан, мыйзам да боло албайт. Башка адистер сыяктуу эле, Кант, зарылду деңгээлдеги интеллектуалдык-философиялык билимге ээ эмес коомдун бөлүгүнүн арасында ахлактык ченемдердин диний өзгөчө сапаттагы кадыр-барк берүү зарылдыгын белгилеген.

Укуктун ченемдерин талдоодо Канттын негизги максаты, алардын коомдогу чагылдырылган ахлактыктуулук көрүнүштөрүн карoo болгон. Бул анын, укукта негизделген, демек, мамлекеттик да, ахлактык көз караштагы, укуктук ченемдердин негизделүүсүнөн турган, концепциясынын коомдук мааниси болгон. Г.П. Юркевич белгилегендей, Кант «укуктун жана адептүүлүктүн биримдиги укукту да, адептүүлүктү да жаратуучу, акылдын жалпы мыйзамы – категориялык маанилүүлүгүндө (императив)» көргөн [7]. Бирок, А.Ю. Соловьевдун немец ойчулу түбөлүк тынчтык идеясынын ахлактык-укуктук маанилүүлүгүн өтө көтөрүп жиберген, жана «ахлактык эрежелер (тыюулар) коомдук, мамлекеттик орнотулган талаптар маанисиндеги ой катары болбошу керек, анткени, акылга сыярлык жеке принциптер катары, аларга чейин болуп келген жана алардан көз каранды эмес» деген пикири орундуу [8].

XX-кылымдын башында, улуттук укуктук-философиялык ойдогу бул көйгөйлөрдү түшүнүү аракеттерин; В.С. Соловьев, Б.Н. Чичерин, П.И. Новгородцев, Е.Н. Трубецкой ж.б.у.с. орус окумуштуулары да жүргүзүшкөн.

Ар бир ойчулдун укуктун жана ахлактын ченемдеринин өз ара аракеттенүүсү боюнча өздүк көз караштары калыптанган. Мисалы, В.С. Соловьев, чындык жана мыйзам жөнүндө түшүнүктөр, өзүндө, укуктук жана адеп-ахлактык башаттардын биримдигин тең мааниде чагылдырат деп белгилейт. Бирок ошол эле учурда, ал, ахлактык талаптар өз маанисинде, олуттуу чексиз жана ар тараптуу болорун, ахлактык бийик сапатты көздөгөнүн жана ага эрктүү умтулганын көрүүгө болорун, алардын ортосундагы айырмачылыктардын бар экенин тааныган, ал эми укуктук мыйзам болсо, тескерисинче, бир жактуу жана мыкты жакшыртууну эмес, адеп-ахлактык абалдын төмөн, минималдуу деңгээлин гана талап кылат.

В.С. Соловьевдун «укуктук ахлактын минимуму катары» доктринасы Б.Н.Чичерин тарабынан сынга алынган. Ал, ахлак менен укукту бөлүүнү, анткени, укуктук ченемдер адамдын тышкы, ал эми ахлак ченемдери болсо ички мамилелерин аныктарын белгилейт. Экөө бири-бирин толуктап турат.

Ахлактык жана укуктук ченемдердин өз ара катыштыгына болгон пикирлердин ар түрдүүлүгүнө карабастан, ойчулдар алардын органикалык өз ара байланышын тааныган.

Совет мезгилиндеги укуктук ченемдер менен ахлактын катыштыгы боюнча изилдөөлөр, ахлактыкка укук менен бирге таптык мүнөздү да бекиткен. Эмгекчилердин мамлекетин куруучу улуу максатка жетүүдө жардам бере албаган укуктук жана адеп-ахлактык ченемдер элге каршы деп жарыяланган. Советтик адабияттагы укуктук ченемдердин адептик мазмуну четке кагылбаганы менен башка түрдө көрсөтүлгөн: социалисттик укуктун негизин түбөлүктүү адеп-ахлактык баалуулуктар эмес, коммунисттик адептүүлүк түзгөн. И.Ю.Добродеева, Н.А.Калясина Совет мезгилинде адамдын жүрүм-турумунун коомдук жөнгө салуучусу катары укуктук ченемдердин эки негизги: адилеттүүлүктү ишенимдүү камсыздоочу жана чыгармачыл негизге таянган *адептик-саясий* жана башкаруу укугунун ыкмасына негизинделген *эмпирикалык* (прагматикалык)» багыттарын аныкташкан [9]. Мындай камсыздоонун негизи катары «ыңгайлуу» адеп-ахлак баалуулуктары кам-тылган. XX кылымдын 80-жылдарынын аягына, укуктун жана ахлактын өз ара катыштыгы боюнча маселесин кароодо: укукту гумандаштыруу жана таануу, андан кийин демократиянын негиздерин жарыялоо, укуктун инсанга багытталуусу сыяктуу жаңы багыттар пайда болгон. Укуктук ченемдерди жалпы адамдык ахлакка акырындык менен жакындатуу аракети көрүлө баштап, укукту баалоо юриспруденциянын көз карашында гана эмес, коомдук-этикалык илимдин көз карашы боюнча да жүргүзүлгөн.

Коомдун азыркы учурдагы өнүгүүсүндө, ахлактын жана укуктук ченемдердин көз карандысыздыгын, бири-бири менен болгон өз ара катыштыгын эч ким таңа албайт. Бирок, Е.А.Лукашева: ахлак жана укук «бул өздүк өзгөчөлүктөрү бар, ар бөлөк коомдук

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жөнгө салуучулары болуп саналат. Укуктагы жана ахлактагы жалпы жана өзгөчө мүнөздөрдү аныктоо, алардын өз ара аракеттенүүлөрүнүн жана таасирленишүүлөрүнүн түрлөрүн, адамдардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна берүүчү таасирлердин ыкмаларын изилдөөдө зор таанымдык жана практикалык мааниге ээ» [10] деп белгилейт.

Эч ким ахлактык ченемдердин жөнгө салуучулук ролун жокко чыгара албайт, анткени, анын укуктук ченемдер катары эле, философияга таандык экендиги далилденип турат. Ошондой эле, ал укуктук теорияда негизги коомдук жөнгө салуучу катары болгондуктан, айрым учурларда, жүрүм-турумду жөнгө салуучу ченем сыяктуу эле, коомдун өзүнүн мүчөлөрүнүн жеке жашоосуна болгон талаптарынын принцибин чагылдырат. Дмек, укуктук жана ахлактык ченемдер өз ара үзгүлтүксүз катыштыкта болгондуктан, биринчиден, өз ара өнүгүшөт жана байытылат, ал эми экинчиден, коомдук жөнгө салуунун прогрессивдүү тажрыйбасын топтойт.

Е.А. Лукашеванын аныктамасы боюнча: «ахлактык идеал, бул адамдардын өздүк иш-аракеттерин жана ниеттерин салыштыруу менен каалаганына абдан умтулгандык катары каралган» адамдын жүрүм-турумунун үлгүсү болуп эсептелет [11]. Бул көз караршты В.И. Левин да колдойт. Ал, ахлактын негизги максаты болуп, адамдын идеалга кайрылуусу, анын күнүмдүк жашоо жагдайларынан жогорулатуу деп эсептейт.

Коомдук аң-сезим көйгөйлөрүн изилдөөдө, философия укуктук аң-сезимдин өнүгүүсүнүн негизин түзүүчү укуктук идеологиянын элементи катары бөлүп чыгарган, ахлактын укуктук ченемдерге тийгизүүчү оң таасирине таянат. Бул коомдун укуктук көз караштарын калыптандыруудагы ахлактык аң-сезимдин маанисин көрсөтүүдө.

Укук ченемдүү жүрүм-турумдун прототиптүү модели болуп, ахлактык жүрүм-турумдун умтулуу системасы саналат, себеби, мындай абал ахлактык жүрүм-турумдун умтулуу системасынын жакшылык жана адилеттүүлүк талаптарына багытталгандыгына, андан тышкары, адеп-ахлактык көрсөтмөлөрдү аткаруудан келип чыгуучу пайда жөнүндөгү практикалык ойлордун орун алгандыгына байланыштуу. Ошондой эле, мамлекеттик жана коомдук уюмдар тарабынан өткөрүлүп жаткан азыркы укуктук кайра орнотуу иштери, адамдардын коомдук колдоосун камсыздоочу адеп-ахлактын жоболорун эске алат жана пайдаланат.

Укуктук жана адеп-ахлактык ченемдер өз ара шайкеш байланышта болушу керек, анткени коомдун идеясы укуктук жөнгө салуусуз болушу мүмкүн эмес. Анткени, ахлактык коомдун түптөлүшүнө керектүү шарттарына, анын ар бир мүчөсүнүн адептик аң-сезиминин өнүгүүсү, маданий жана интеллектуалдык чөйрөлөрдөгү адептүүлүк негиздерин сактоо кирет. Коомдун укуктук болушу, мыйзам чыгармачылык жана сот ишмердүүлүк жараяндарында укуктук негиздерди сактаганда гана мүмкүн.

Ушундан улам, укуктук принциптер, адамдарга таасир этүүчү ыкмалардын жардамы жана коомдогу ойногон ролдорунун айрымачылыктары менен, адеп-ахлактык жана укуктук ченемдердин келечек өз ара аракеттеринин негизи болуп саналат. Укуктук ченемдер коомдук мамилелердин алып жүрүүчүсү болгон адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салат. Ошондуктан, күнүмдүк тажрыйба көрсөткөндөй, укуктук ченемдер тарабынан тыюу салынган кыймыл-аракеттер, ахлактык тараптан да айыпталат. Ал эми укуктук колдоого алынган кыймыл-аракеттер болсо, тескерисинче, ахлактык ченемдери тарабынан демөөрлөнүп, мыйзамдуу бекемделишине түрткү болот. Ушуга байланыштуу, укуктук ченемдерди жүзөгө ашыруу, юридикалык милдетүүлүк да жана ар бир адамдын адеп-ахлактык милдети да болуп калат. Укуктук ченемдердин коомго болгон таасири, сырткы кыймыл-аракеттер аркылуу, ал эми өзүнө адептик ченемдерди камтыган ахлак болсо, адамдардын аң-сезими, ички дүйнөсү аркылуу таасир берет. Ошондуктан, ахлактын өзгөчөлүгү адамдын аң-сезиминин ичинен гана аракеттенет, ал эми укуктук ченемдер болсо, ички дүйнөнүн түздөн-түз катышуусу жок, сырттан гана таасир этет.

Ошентип, ахлактын максаты тилектештикти жана гуманизмди камсыз кылуу болуп саналат, ал эми ахлактуулуктун өзгөчөлүгү болсо, жогоруда көрсөтүлгөн максаттарда гана эмес, ошондой эле, укуктук ченемдердин ыкмаларынан айырмалануучу аларды жүзөгө ашыруучу жолдорунда да көрүнөт.

Укуктук ченемдер үчүн биринчи кезекте, коомдун туруктуулугу жана жыргалчылыктарын камсыздоого, менчик укуктарын коргоочу катаал чараларга, башкача айтканда, тышкы укуктарга багытталып, ал эми адамдын руханий абалы, анын адеп-ахлактык толгонуусу экинчи планга жылат. Муну, В.С. Нерсесянцтын: «мыйзам чыгаруучулуктун мазмуну болуп, адамдык мамилелердин ички эмес, сырткы гана чөйрөсү боло алат» [12] деген аныктамасы да тастыктайт. Бирок, мыйзам менен катарлаш, ага баш ийбеген, адеп-ахлактуулуктун бар экендигин да эстен чыгарбоо керек.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Ахлактын мазмуну жакшылык, жамандык, сүйүү, адилеттүүлүк, кадыр-барк, ар-намыс, мээримдүүлүк сыяктуу түшүнүктөрдөн түзүлгөн. Алар, адамдын коомдогу максат багыттуулугу (ориентири) үчүн колдонулганы менен, бирок чыныгы (практикалык) жашоодо толугу менен айкындалбаган, ахлактык идеалдар катары саналат.

Укук таануучулар, укуктук ченемдердин түпкүрүндө кандай негиздер, идеялар болушу керектиги, алардын жакшы, керектүү жана зарылдуулугу боюнча көйгөлүү маселесин чечүүгө кызыкдар. Б.Сутордун пикири боюнча, «укуктук ченем бул-адамдарды ахлактык жакшыртууга эч кандай талап койбогон коомдун өнүгүшү үчүн зарыл болгон ахлактуулуктун минимуму» болуп саналат. Ал эми С.С.Алексеев болсо, укуктук ченемдерди мыйзам чыгаруучулукка камтылган, ахлактык критерийлери жана баа берүү менен гана иштөөчү, абдан ахлактык тартиптеги көрүнүш катары көрүүдө.

Ар бир мамлекеттин, анын ичинде биздин Кыргызстандын да, укуктук системасы, коомдун өнүгүүнүн керектөөлөрүнө ылайык мыйзамдык өзгөртүүлөр менен коштолот. Ал эми укуктук системанын эволюциясы кечигүү менен жүргөндүктөн, бул ажырымдар укуктук ченемдер менен макулдашылган ахлактык ченемдер аркылуу толукталат. Ошондуктан, азыркы коомдун укуктук системасын ахлакка шайкештирүү үчүн, алардын арасындагы гармониялуу мамилелерди түзүү зарыл.

Укуктук ченемдердин жана өнүгүп келе жаткан ахлактыктын ортосундагы гармонияны орнотуу мыйзам чыгаруучулук ишмердүүлүк менен байланыштуу болгонун жана бул эки кубулуштун ортосунда диалектикалык мамиленин бардыгын алардын максаттарынын шайкештиги далилдеп турат. Илимий булактар, ахлак менен укуктук ченемдердин байланышынын үч негизги аспектилерин белгилейт: Алар:1) жалпы мүнөздүүлүгү; 2) алардын ортосундагы коомдук ченемдердин түрү катары айырмачылыктары; 3) бири-бири менен өз ара аракеттенүүсү болуп саналат.

Ахлактык жана укуктук ченемдердин өз ара аракеттенүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн, алардын ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды тастыктап, алардын өз ара аракеттенүүсүндөгү көйгөйлөрдү белгилөө керек.

Ахлак өзүнүн ченемдеринде адамдар каалоочу аракеттердин жалпы багытын жана моделин белгилейт. Укуктук ченемдер бул принциптерди бекемдеп гана эмес, ошондой эле, укуктук мамилелердин ар бир субъектиси үчүн келип чыгуучу укуктардын жана милдеттердин чөйрөсүн белгилейт.

Укуктук ченемдердин ахлактык ченемдерден айрымаланышы, милдеттеринин аткарылышы жана укуктарын пайдалануусун, алардын катышуучуларынын укуктары менен милдеттерин расмий бекитүү аркылуу, коомдук турмуштун маанилүү жана түпкү мамилелерин жөнгө салуу болуп саналат. Ахлактык жана укуктук ченемдер өзүнүн билдирүү түрүнө жараша да айрымаланышат. Адамдын аң-сезими ахлактын жайгашкан орду болуп, ал эми атайын мамлекеттик актылар (мыйзамдар, жарлыктар, токтомдор) укуктук ченемдерди бекитүүчү болуп саналат.

Баалоо – бул адамдын жүрүм-турумун жалпысынан караганда берилүүчү, ал эми санкция болсо, ахлактык ченемди бузуучу так жосундун кесепети катары берилүүчү мүнөздөмө болуп саналат. Юридикалык иш-тажрыйба (практика) инсандын жалпы ахлактык баалануусун кеңири пайдаланат. Укуктук жана ахлактык жазаларды (санкциялардын) салыштырмалуу талдоодо, бул жөнгө салуучулардын так тарыхый шарттарда жаралганын дайыма эске алуу керек. Баардык доорлордо жана коомдордо орун алган, ахлактык санкцияларга салыштырмалуу укуктук санкциялардын өтө зулумдугу жөнүндөгү билдирүүлөр жалган болуп саналат. Муну, башка элдердин тарыхынын ар түрдүү өнүгүү мезгилдериндеги укуктук эмес, ырайымсыз ахлактык санкциялардын колдонулганы далилдеп турат; мындан тышкары, укуктук жана ахлактык тыюулардын бири-бирине өтүү жараяны тууралуу да унутпоо зарыл.

Жогоруда көрсөтүлгөн ахлактык жана укуктук ченемдердин айырмачылыктары негизинен расмий өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Алардын укуктары, милдеттери жана мазмуну көп учурларда дал келет. Демек, укуктук ченемдер ахлактын бир бөлүгү боло албайт, анткени, алардын өзгөчөлүгү мажбурлап аткартуу болуп саналат, ал эми адептик негиздемелер болсо тышкы мажбурлоонун таасиринде кайтарылбай жок булушу мүмкүн.

Коомдук жашоонун ахлаксыз багытын айыптоо жана алдын алуу максатында, коомдук пикир ахлактык чөйрөсүндө мажбурлоону адеп-ахлактык эскертүүнү, сөгүш жарыялоону, ж.б.у.с. түрдөгү жазаларды колдонот. Укук, укуктук ченемдердин бузулганына байланыштуу каралган чаралардын аткарылышын, укук коргоочу органдары тарабынан көзөмөлдөнүүсүн милдеттендирет, ал эми ахлак таасирдин мындай түрүнө ээ болмок турсун, мажбурлоо чарасынын тактыгын да дайыма белгилей бербейт. Мыйзам бузуулардын толугу менен жоюулуусу, мажбурлоонун укуктук ченемдери, тарбиялоонун жана ынандыруунун ахлактык каражаттары түзгөн шарттарынан көз

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



каранды. Мамилелерге болгон ахлактык каражаттарынын таасиринин өзгөчөлүгү, алардагы коомдук мүнөздүн бардыгы жана анын ишмердүүлүгү менен мамлекеттинтүздөн-түз өз ара аракеттенүүсүнүн жоктугуна байланыштуу.

Демек, коом мазмуну боюнча ахлактык баалуулуктарга каршы келген укуктук ченемдерди четке кагат. Инсан, коомдун бир бөлүгү катары, биринчи кезекте, ахлактык ченемдерди жана анын жол-жоболорун жетекчиликке алат. Мыйзам өз кезегинде, өзүндө бекитилген укуктун негиздерине ылайык, жеке инсандын жана коомдун кызыкчылыктарын коргоону камсыздоого милдеттүү.

**Адабияттар:**


1. Социологический энциклопедический словарь. На русском, английском, немецком, французском и чешском языках/Редактор-координатор академик РАН Г.В. Осипов. - М.: Изд-во НОРМА, 2000. - 488 с.
2. Витвицкая В.Р. Право и мораль: соотношение понятий / В.Р. Витвицкая // Матер.Научной сессии, г. Волгоград, 22-26 апреля 2013 г.: Право и юриспруденция. Философия и социальные науки. Вып. 4. - 2013. - С. 203-207.
3. Ожегов С.И., Шведова Н.Ю. Толковый словарь русского языка: 80 000 слов и фразеологических выражений / С.И. Ожегов, Н.Ю. Шведова; Российская академия наук. Институт русского языка им. В.В. Виноградова. - 4-е изд., доп. - М.: Азбуковник, 1999. - 944 с.
4. Невважай И.Д. О соотношении естественного и позитивного права/И.Д. Невважай // Известия высших учебных заведений. Правоведение.- 1997.- № 4(219).- С. 164-166.
5. Гегель Г.Ф.В. Философия права / Г.Ф.В. Гегель; пер. с нем.: ред. и сост. В.А. Керимов и В.С. Нерсесянц.- М.: Мысль, 1990. - 524 с.
6. Гусейнов А.А. Сослагательное наклонение морали / А.А. Гусейнов//Вопросы философ.- 2001.- №5.- С.3-33.
7. Юркевич Г.П. Государство и законы природы / Г.П. Юркевич. - М.: «Элекс-КМ», 2005. - 176 с.
8. Соловьев А.Ю. И. Кант: взаимодополнение морали и права (Немецкая классическая философия. Новые исследования)/А.Ю. Соловьев. -М.: «Наука», 1992. - 216 с.
9. Добродеева И.Ю. Взаимодействие морали и права в современном российском обществе: этический анализ / И.Ю. Добродеева, Н.А. Калясина. - Шуя, Иванов. обл.: Шуйский гос. пед. ун-т, 2008. - 159 с.
10. Лукашева, Е.А. Взаимодействие права и морали: общее и особенное / Е.А. Лукашева // Взаимодействие права и морали: материалы международной научной конференции/отв. ред.: Т.А. Сошникова.-М.: Изд-во Моск. Гуманит. ун-та, 2014. - С.11-17.
11. Лукашева Е.А., Право, мораль, личность / Е.А. Лукашева; отв.ред. В.М. Чхиквадзе. - М.: «Наука», 1986. - 262 с.
12. Нерсесянц, В.С. Философия права: либерально юридическая концепция / В.С. Нерсесянц // Вопросы философии. - 2002. - №3. - С. 3-15.